Тиркеме №1

**БЕКИТЕМИН**
**Кадамжай райондук мамлекеттик администрация башчысы-аким**
**_______________К. Шакиров**
**“___”_________2022-жыл.**

**Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы «Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар» жөнүндөгү №54 Жарлыгын Кадамжай районунун аймагында ишке ашыруу жөнүндө**
**ЖОБО:**

**1.Жалпы жоболор.**

1. Жоболордун иш-чаралары Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы “Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар” жөнүндөгү №54 Жарлыгына ылайык уюштурулат жана жүргүзүлөт.

**1.1. Маркумду узатуунун тартиби:**

1.1.1. Жер жерлерде маркумду узатууда (маркум өткөндөгү аза күтүү күндөрү) 3 күнгө чейин эч кандай мал жандыктарын сойбоо;

1.1.2. Маркум өткөндөн кийинки биринчи бейшемби, экинчи бейшемби, кыркы жана жылдык деген көрүнүштөрдү токтотуу;

1.1.3. Эл арасындагы ар кандай маанидеги кудайыларды, маарекелерди өткөрбөө (ата-энеси, туугандары өткөн учурда кыздары тарабынан өз үйүндө катмы ж.б. өткөрбөө);

1.1.4. Маркум өткөн мезгилде тиешелүү адамдар тарабынан мал союп келүүгө тыюу салуу;

1.1.5. Суук маарекеде маркумдун жакындары тарабынан (аялдар) материал, себет, кийим кийгизүү, чүпүрөк, жайнамаз жана баалуу буюмдарды таркатпоо;

1.1.6. Аялдар үчүн аза күтүп, көк кийди жана ак кийди үрп-адаттарын токтотуу;

1.1.7. Сөөктү жуугандарга баалуу буюдарды берүүнү жоюу;

1.1.8. Маркум өткөндөн 3 күндөн кийин мүмкүнчүлүккө карап 3 же андан ашык күндөрү бир кой же эчки союп жана элди чакырып ихсан берүүгө жол берилет (чоң мал союуга жол берилбейт).

**1.2. “Ажы”, “Умра” тойлор:**

1.2.1. “Ажы” жана “Умрага” барган, келген жарандарга өзүнүн жакын туугандары тарабынан уюштурулган ашыкча той, маарекелерди өткөрүүгө тыюу салуу;

1.2.2. Тасби, жайнамаз ж.б. баалуу буюмдарды таркатууга тыюу салуу.

**1.3. Коомдук турмуштагы эл арасындагы сүннөт тойду өткөрүүнүн тартиби:**

1.3.1. Сүннөт тойго келген жакындары үчүн көптөгөн коноктордү берүүнү токтотуу (конокту үчтөн ашырбоого жол берилет);

1.3.2. Жакын туугандары тарабынан сеп кийгизүүнү токтотуу;

1.3.3. Тойго келген жарандар тарабынан (аялдар) себет алып келүү жана кайра себет алып кетүү жөнүндөгү көрүнүштөргө тыюу салуу;

1.3.4. Той ээси тарабынан келген жарандарга нан, пакет ж.б. таркатууга тыюу салуу (эли журттун аксакалдарына берсе болот);